**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 11 ОТУРУМУНУН**

**Т О К Т О М У**

2022-жылдын 28-сентябры №11/2 Кайнама айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 26-мартындагы "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" ПЖ № 54 Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндөгү" № 01-52/33 буйругун турмушка ашыруу максатындагы Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 29-мартындагы № 60 буйругун аткаруу жөнүндө**

Будалык айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Маркумду узатууда, той-аштарды, маарекелерди өткөрүүдө үрп-адат, каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана ыксыз чыгымдарды жөнгө салуу боюнча иш алып баруу үчүн атайын комиссия түзүлүп бекитилсин (тиркелет)
2. Айыл аймагынын жарандарынын жашоосунун социалдык жана экономикалык деңгээлин көтөрүү үчүн каада-салттарды, салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды тартипке келтирүү жана бул багытта иш алып баруунунун Жобосу иштелип чыгып, бекитилсин (тиркелет)
3. Айылдарда жана башка калктуу конуштарда каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган каада салттарды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону боюнча иш алып баруу атайын түзүлгөн комиссияга жүктөлсүн
4. Маркумду узатууда, той-аштарды, маарекелерди өткөрүүдө үрп-адат, каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана ыксыз чыгымдарды жөнгө салуу боюнча иш алып баруу комиссиянын курамына жүктөлсүн.
5. Бул маселе боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү айылдын имамдарына, айыл башчыларга, атайын түзүлгөн комиссияга милдеттендирилсин.

6 .Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин

**Будалык айылдык кенешининин**

**төрагасы** **Арапбай уулу У**

Будалык айылдык Кенешинин 2022-жылдын
"28 сентябрь № 11/2 токтомуна № 1 тиркеме

Маркумду узатууда, той-аштарды, маарекелерди өткөрүүдө үрп-адат, каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана ыксыз чыгымдарды жөнгө салуу боюнча иш алып баруу үчүн түзүлгөн комиссиянын курамы

1.Мусабаев Кадырбек Арапбаевич - Айыл өкмөт башчысы, Комиссиянын төрагасы

2. Арапбай уулу Улан -Комиссиянын төрагасынын орун басары, айылдык кеңештин төрагасы (макулдашуу менен)
3. Осмонова Жыпаргүл Шариповна –Жооптуу катчы, комиссиянын катчысы

МҮЧӨЛӨРҮ:

4.Тобокелов Базарбай – Аксакалдар сотунун төрагасы (макулдашуу менен)

5. Малакан кызы орунбү - Аялдар кенешинин төрайымы айылдык китепканасынын башчысы

6. Айыл башчылар

7. Айылдын имамдары

Жооптуу катчы: Ж.Осмонова

Будалык айылдык Кенешинин 2022-жылдын 28-сентябрь №11/2 токтомуна № 2 тиркеме

**Айылдарда жана башка калктуу конуштарда үй-бүлөлүк салатанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү Жобо:**

**Жалпы жоболор**

- Бул Жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгарылды жана элдик жыйындарда кабыл алынган эрежелерди камтыйт.
- Жобонун максаты айылдарда жана башка калктуу конуштарда муктаждыктарын эске алуу менен элдин жашоо турмушундагы улуттук каада-салттарды, үй-бүлөлүк үрп-адаттарды, коомдо жаңыдан пайда болуп жаткан майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү, үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүдө убаракечиликтерге, өлүк ээсин мажбурлоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адаттарын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири жайылтуу болуп саналат.

2. **Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби:**

- Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн комиссиянын курамы айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин депутатынан, ардагерлер кенешинен, аялдар кеңешинен, диний жана өкмөттүк эмес уюмдардын жана коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу тарабынан түзүлдү.
- Ушул типтүү Жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, көрүнүктүү жерлерге илинет.

## 3 Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

-Үй-бүлөлүк салатанаттарга бешик той, тушоо кесүү той, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) той, куда тосуу, маараке салтанаттары ж.б. кирет.

-Үй-бүлөлүк салтанаттар айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган эрежелер боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

-Үйлөнүү той өз ыктыярлары менен эки тараптын(кудалар) эсебинен 200 адамга чейинки "Банкеттик кече" же конок тосуу менен "Салттуу той" формасында өткөрүлөт жана ысырапкечиликке жол берилбейт.Улөнүү тоюнда ири бодо мал, жылкы союуга уруксат берилет.Бирок ашыкча дасторконду уюштурууга тыюу салынат.Меймандарга себет тартылбайт, тойго да себет көтөрүп келүүгө тыюу салынат.

-Кудалашуудан баштап үйлөнүү т ойго байланышкан бардык иш-чараларда эки жаштын ата-энесинин макулдашуусу менен белгиленип өткөрүлөт, эки тараптын туугандарына, конокторуна, сый кийимдерди берүүгө тыюу салынат.Кыз-жигитке жана алардын ата-энелерине гана сый кийимдерди, белектерди берүүгө уруксат берилет.

-Тойдон кийинки отко киргизүү, кыз көрдү, төркүлөтүү,ж.б.у.с. кечелер өз ыктыяры менен эки куданын үй-бүлөсү арасында 12ден ашпаган адамдын катышуусунда өткөрүлөт.

-Кыз узатууда 10-15 тен ашык түрдүү кийим-кече, күйөө баласын 40 күн багуу, ар майрам сайын күйөө балага баалуу белектерди берүүгө тыюу салынат.

-Кыз тарапка той алып барганда 12 адам, күйөө жолдоштор 10 дон ашпоосу керек.

-Жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында никени мамлекеттик каттоодон өткорүү салтанатында 3 төн ашуун транспортту колдонууга тыюу салынат.

-Жашы жете элек кыздарга молдо тарабынан нике кыюуга тыюу салынат.

## 4. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

-Маркумду эскерүү ырым-жырымдары айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

-Маркум чыккан үйдө алгачкы үч күндүн ичинде эч кандай жандык союлбайт, келгендерге дасторкон жайылып, тамак-аш берилбейт.

-Сөөк коюу жана аза күтүү ырым-жырымына ири бодо мал, жылкы союуга тыюу салынат.

-Маркумга атап үчтүк, бейшембилик, кырктык, жылдык, айттыгын белгилөөгө жана дасторкон даярдоого тыюу салынат.

-Сөөк коюуда жана аза күтүүдө кийит кийгизүүгө, маркум өткөн жерде кездемеден “жыртыш” таратып берүү, майда барат буюмдарды(чыны, табак, дасторкон, самын, жип, чай ж.б.) таратууга тыюу салынат жана кабыр казгандарга берилүүчү кызмат акы жергиликтүү комиссиянын макулдугу менен чектелет.

-Кабырдын үстүнө күмбөз жана башка нерселерди тургузуу шариятта жок нерсе болгондуктан тыюу салынат.

-Аза күндөрү бүткөндөн кийин сөөк чыккан үйдө атайын бир күндү белгилеп, ошол үйдүн экономикалык абалына жараша, каалаган убакытта бир жолу кайрымдуулук иретинде куран окутууга уруксат берилет.
Мындан сырткары:

-Үйлөнүү той үлпөттөрдү аткарууда жана маркумдардын жылдыгын чыгарууда 1 бодо союу сунушталсын;

-Тойго тийиштүү салттарга жана жылдыкка 150 адамдан ашпасын;

-Кызга сеп берүүдө, ашыкча чыгым сарптабастан, турмуш-тиричилигине зарыл гана бумдар алынсын;

-Кыз узатууга куда тараптан 12 адам, ал эми күйөө жолдоштор 10 адамдан ашпасын;

-Кызга калың берүү эки тараптан макулдугу менен ишке ашырылат (жеңилдетүү жолу менен);

-Эки жаштын макулдугу менен алардын жаш курагы мыйзамда көрсөтүлгөн жашка туура келсе, молдо тарабынан нике кыюуга уруксат берилсин;

-Тойлордо себет көтөрүүгө тыюу салынсын;

-Маркумду акыркы сапарга узатууда сөөк чыккан үйдө союш союлбасын, сый дасторкон уюштурулбасын, көк көйнөк кийилбесин, кийит кийгизүү токтотулсун, майда барат буюмдар (самын, жип идиш-аяк, челепектер) жасалбасын, себет көтөрүүгө тыюу салынсын;

-Өлүмтүккө тиешелүү болгон, үчтүк, жетилик, кырктык деген маселелер жокко чыгарылсын, жылдыкка 1 жылкы союуга уруксат берилсин

-Үй-бүлөлүк салатантаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмолдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары Жобого ылайык, үй-бүлөлүк салатантаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмолдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн алдында айыл өкмөттүн кызматкерлеринен, айылдык кеңештин депутаттарынан, аксакалдар кеңешинен, аялдар кенешинен, коомдук өкүлдөрдөн , диний уюмдардан, саламаттыкты сактоо уюмдарынан,турган комиссия курамы кирет жана ал комиссия өзүнүн ишин документтештирет, комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

**Жергиликтүү комиссия:**

-Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү ырым-жырымдары өткөрүлүп жаткан жерге барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат.Жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмол жүргүзөт, талаптарды бузуу болгон учурларда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт же акт түзөт, ал тууралуу комиссиянын отурумунда маселени карайт, талапты бузган адамдарга карата тийиштүү чаралар көрүлөт.

**Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**:

-Айыл аймагында үй-бүлөлүк салатантаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын ички мыйзамдарында жана эрежелеринде каралган( элдик курултай, айылдык жыйындар, айылдык кенеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат

Жооптуу катчы: Ж.Осмонова